УДК: 159.9
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-218-226

**Бекбоева Т.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
bekboyeva53@list.ru
**Бекбоева Т. А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
bekboyeva53@list.ru
**Bekboyeva T. A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
bekboyeva53@list.ru

# ОЙЛОМ МАДАНИЯТЫ ЖӨНҮНДӨ ПЕДАГОГИКАЛЫК ДИДАКТИКА

# ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ДИДАКТИКА О КУЛЬТУРЕ МЫШЛЕНИЯ

# PEDAGOGICAL DIDACTICS ABOUT THE CULTURE OF THOUGHT

**Аннотация:** Бул макалада адам баласынын жашоосунда эң керектүү, көйгөйлүү билим менен тыгыз байланышкан түшүнүктөр жана алардын маани маңызы жөнүндө учкай кеп болмокчу, ошондой эле ойлом маданияты жөнүндө педагогикалы дидактикага ой толгоо жүргүзүлмөкчү. Макаланын соңунда жогоруда учкай белгиленген билим менен тыгыз байланышкан түшүнүктөрдөн улам, улуу ойчулдардын терең маанилүү ойлоруна экскур жасоо максатка ылайыктуу.

**Негизги сөздөр:** ойлом маданияты, педагогикалык дидактика, билим, нарк-насил, абийир, тарбия, тарбиялоо, парадигма, адеп-ахлак, акыл, ар-намыс, үлгүлүү жашоо, аң-сезим, сынчыл ой жүгүртүү, бейаң.

**Аннотация:** В данной статье анализируются понятия, тесно связанные с самыми необходимыми и проблемными знаниями в жизни человека и их сущностью, а также педагогическая дидактика, связанная с культурой мысли. Совершается экскурс в важные мысли великих мыслителей.

**Ключевые слова:** культура мысли, педагогическая дидактика, знание, ценности, совесть, воспитание, нравственность, интеллект, честь, примерная жизнь, сознательность, критическое мышление, забота.

**Annotation:** This article will briefly discuss concepts that are closely related to the most necessary and problematic knowledge in human life and their essence, as well as reflection on pedagogical didactics about the culture of thought. At the end of the article, in connection with concepts closely related to the knowledge mentioned above, it is appropriate to make an excursion into the deep and important thoughts of great thinkers.

**Keywords:** culture of thought, pedagogical didactics, knowledge, values, conscience, upbringing, educate, paradigm, morality, intellect, honor, exemplary life, consciousness, critical thinking, care.

Тарбия, тарбиялоо татаал деп процесс деп коёбуз. Бирок эмне үчүн татаал экендигин түшүнүп-түшүнбөй келебиз. Мындай турмуштун табышмагы жөнөкөй турмуш чындыгын аңдап-билгенге чейин улана берет. Ал кандай чындык? Ал “адегенде өзүңдү-өзүң тарбиялап, анан өзгөлөрдү (балдарды) тарбияла” деген бир караганда жөнөкөй, бирок алда канча жооптуу, татаал чындык. Биз качан гана тарбиялоо өзүбүз аркылуу гана таасирдүү болоорун аңдап билгенден кийин, “кантип тарбиялайбыз” деген таклиб, биз “кантип жашашыбыз керек” деген жобо менен алмашат. Үлгүлүү жашоонун өзү болуп көрбөгөндөй олуттуу тарбия мектеби экендигине ынанабыз. Ал эми үлгүлүү жашоо дегенибиз, тынымсыз аракеттенүү (эмгектенүү) дегендик. Кылым карыткан ата-бабаларыбыз аракет кылсаң берекет деп бекер айтпаса керек. Бүгүнкүбүз эртеңкибиздин (келечегибиздин) чеги эмес экендигин астейдил баамдаганыбыз дурус. Бүгүнкү билгенибиз (билимибиз) чек эмес, эртең да билгендерибиздин (билимибиздин) алкагы кеңеет. Канчалык көп билген сайын билбегендерибиздин да саны көбөйө берет. Кандайдыр чексиздикке умтулгандай болобуз. Ошентип чексиздик жашоо кумарына айланат. Билген сайын дагы эле билсем деп умтула беребиз. Билим жашоо мазмуну экендигин секин сезгенден кийин, чексиздиктикти чектөөгө тынымсыз умтулган билим өзү чексиз экендигине ынанабыз. Билгенибиз (билимибиз) арбыган сайын, жан дүйнөбүз агарып, жашоонун купуя сырларын ишенимдүү аңтара баштайбыз. Билгени (билими) менен айырмаланган инсандын сөзү өтүмдүү, пикири ынанымдуу, баскан-турганы таасирдүү. Демек тарбиянын ачкычы – билимде. Ошондуктан билимдүү миңди жыгат, билимсиз бирди жыгат деп бекеринен айтышпаса керек [6, 320]. Билимсиз тарбия супсак.

Арийне, билим жолу таштак. Ташыркап калуу бир паста. Билүүнүн да ыгы бар, жолу бар. Эмнелерди билишибиз (кандай билим) керек экендигин ылгай билбесек, андайда билгендерибиздин (билимибиздин) кунары кетет. Көрөңгөлүү, уюткулуу билим гана таасирдүү болот. Көрөңгөлүү билимдин уюткусу маалы келгенде ар кимибизди ой-боюбузга койбой тынчсыздандырып, “Мен киммин?”, “Кандай жашашым керек?”, “Жакшы деген эмне, жаман деген эмне?”, “Кандай, кантип жакшы болот?”, “;Кандай кантип жаман болот?”... деген сыяктуу түркүн суроолор пайда болот. Ушундан улам «ийне менен кудук» казган билим нарк-насил (мораль) жана абийир (совесть) түшүнүктөрү менен тыгыз байланыштуу.

Ушундан улам, адам табияты алигиче толук аңдалбаган, алда канча татаал кубулуш, пенде баласын жансыз дүйнө, жандуу макулуктардан айырмалап турган аң сезим, ал эми аң сезимдин өзөгү моралдык-этикалык жагдайлар менен киндиктеш, мораль адамды адамдаштырып турган татаал туюнтма.

Ошондон улам, мораль илимий-теориялык парадигма катары сансыз ойчул-окумуштуулардын акылын айран таң калтырган, оюн онго, санаасын санга бөлүп кылым карыткан рухий кенч. Ал пикирлердин кагылышынан жаралган келишпеген талаштын бутасы катары, байыркы миф-уламыштардын, философемалардан тартып абстрактуу ой бүтүмдөргө (мифологемаларга) чейинки алга-артка сапырылган өркөчтөнгөн толкун сымал чексиз баскычтарды басып өтөт. Мораль коомдун туундусу боло жүрө, коомдук өнүгүш менен чектелип да келди, аны (тигил же бул коомдук-тарыхый бүктөмдү) чектеп да келди.

Мораль жана анын концептуалдык маңызын туюндурган этикалык түшүнүк-жоболор – алгалап-кетенчиктеген татаал табигый-социалдык процесстердин мыйзам ченемдүү туундусу экендиги илимий-практикалык жактан тастыкталган.

Коомдун, жашоо турмуштун универсалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн натыйжасында астейдил өнүгүшү, анын рухий көрөңгөсүн түзгөн моралдык этикалык парадигмалардын эвалюциясы (өзүн-өзү аңдашы) менен тыгыз өтмө катар байланыштуу. Морал өзүнүн иманенттүү табияты боюнча кандайдыр бир катып калган, сенек, өнүгүп өзгөрбөй турган кубулуш эмес, тескерисинче коомдун табигый эволюциясы менен тектеш, аны менен кошо илгерилеп келген салыштырмалуу көрүнүш. Демек, моралдык этикалык таанымдын мазмундук талаасы тигил же бул коомдук түзүлүштүн мезгил менен мейкиндиктин конкреттүү тарыхый алкагында шартталган. Мындан тышкары мораль жана аны илимий теориялык жактан сыпаттаган этикалык түшүнүм, түшүнүктөр ар кандай коомдук түзүлүштөр гана эмес, ар кандай коомчулуктар (коомдук күчтөр, тараптар, катмарлар, таптар) аркылуу ар кандай мазмунга эгедер.

Жакшылык жана жамандык (“жакшы” жана “жаман”) түшүнүктөрү – нарктуулуктун түйүндүү туюнтмасы бүтүндөй моралдык-этикалык дүйнө таанымдын өзөктүү тамыры. Концептуалдык диапозону алда-канча кеңири, маңызы терең бул түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагында тарыхый-логикалык таанымдын катмарланган парадигмалары камтылган. Ошондуктан алар бир эле убакта чагылдыруунун, таанымдын, мамиленин, баалоонун, табияттан сырткаркы күчтүн формалары катары көрүнөт. Бирок барып келип канттык категориялык императивдин, логикасына ылайык (жамандык менен жакшылыктын) өз ара айкалышы коомдун илгерилеген өнүгүшүн шарттайт. Болбосо болумуштун өр тарткан өнүгүшү иш жүзүнө ашмак эмес. Аталган этикалык түшүнүктөрдүн шарттуулугу алардын социалдык жактан өбөлгөлөнгөн көп кырдуулугу менен байланыштуу. Кимдир бирөөгө жакшы катары көрүнгөн (таанылган) нерсе, экинчи бирөөлөр үчүн жамандык иретинде туюлушу, сезилиши толук мүмкүн, же тескеринче.

Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Жаман эмес, жакшы деп сыпатталган билим-илим моралдын тикеден-тике көрүнүшү эмес, бирок катализатору. Моралдык-этикалык түшүнүктөрдүн жандуу диалектикалык табияты мына ушунда. Адеп-ахлак адамдардын жан дүйнөсүн мүнөздөп, алардын өз ара мамилелери аркылуу дааналанып, конкреттүү мазмунга ээ болот [8, 480 б.]. Мораль белгилүү деңгээлде жеке адам – индивидге (анын жеке мүдөө-талаптарын коомдук кызыкчылыктардан келип чыккан чектөөлөргө мажбурлап) карама-каршы турат. Башкача айтканда коомдук мораль менен жеке инсандык мораль кайчылаш келет, бирок мындай кырдаал жалпысынан антагонисттик абалдын деңгээлине чейин көтөрүлбөйт, анткени жашоо (тарых) логикасы (жалпылык менен жекеликтин айкалышы) кетенчиктеп-илгерилеп өр тартууга багытталган. Качан гана моралдык аң сезим коомдук прогресс менен үндөш болгондо инсаният үчүн жалпы ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай учурда мораль өзгөчө шыктандыруучу интеграциялык кудуретке ээ болот. Моралдын чыныгы позитивдүү турпаты, кайсы бир деңгээлде, биринчиден, тигил же бул инсандын жеке өзүн-өзү туура баалашына (өзүнө-өзү адекваттуу баа беришине); экинчиден, анын өзүнө карата сынчыл мамилесине жараша болот. Мораль кандайдыр конкретүү фактылардын жалпыланышы эмес, ошондой эле ал тигил же бул конкреттүү фактыга тиешелүү эмес. Мораль индивидуалдуу формага ээ эмес. Моралдын ички парадоксу карама-каршылыгы мына ушунда: ал конкреттүү фактылар менен дал келбейт (чектелбейт), ал эми сырткы парадоксу-аморалдык жана имморалдык көрүнүштөр менен болгон алакасында.

**Абийир... Элибиз эзелтен** аздектеп келген асыл сапат. Карт тарыхтын кабелтең башкатырма түйүндүү табышмактарынын туңгуюгунда катылган сырдуу дүйнөсүнө сүңгүп кирген нечендеген ойчулдар, окумуштуулар болду.

И. Кант таасын белгилегендей үстүбүздөгү жылдыздуу асман жана нарк-насил (мораль) мыйзамы тууралуу канчалык узак, тез ой чабыттаткан сайын, ошончолук таң калуу, ырахаттануу менен жан дүйнөбүз дүрбөлөңгө түшөт. Жылдыздуу асман көкмелжиген, чаалыкпаган мезгил менен канатташ чексиз мейкиндик. Аны адам акылы менен аңдап-өздөштүрүп келсе, жан дүйнөнү сугарып келген «экинчи нерсе» – нарк-насил, абийир, ар намыстын элегинен жаралат. Абийир деген эмне? Адам менен **кошо алмустакта** жаралып, адилет коюлган бул суроо, айрыкча азыр өзгөчө мааниге ээ. Көнүмүш нугунан ашып-ташып ээ-жаа бербей сел жүргөн сымал, турмуш бейбаш азоолугун карматып, белгисиз-чексиз мейкиндикке оюн салган сайын адамдан Абийир качып, нарк-насили жукарып баратկансыйт. Табиятынан келишпес “Жакшылык” менен “Жамандык” эзелки, кайчылаш таарынычын унутушуп калышкандай. Аларды таразалап турган, оң-тетирисин ылгап турган абийир дабасы табылбаган дартка кабылгандай. Абийирден ал кеткен сайын, жакшылыктын шайы бошоп, жамандыктын үстөмдүгү ырбап бараткансыйт. Айтор жакшы менен жаман, дурус менен буруш тогошуп аңтарылган түшүнүктөрдүн маанилери алмашып калгансыйт. Кайдигерликтин жөргөмүштүн желесиндей жайылган торунан бошой албаган абийир күндүзү шам чырак менен караңгы туңгуюуктан жол издегендей. Тогуз жолдун тоомунда турган бүгүнкү турмуш ансыз да дүрбөлөңгө түшкөн жан-дүйнөнү ого бетер алдастатат. Акыл, ар-намыс, абийир жапайы сокур сезимдин туткунунда калгандай. Көр оокат деп чимирилген тулку-бойдун ээ бербеген эрки менен аң-сезим максатынан адашкандай, ак менен кара, жарык менен караңгы мезгил-мейкиндиктин адатта, катаал мыйзамына баш бербей калгандай. Бир караганда ушундай. Абийир ооматынан ажырагандай. Бирок, Абийир эмес. Анын жан-дүйнөнү жүгөндөгөн көндүм аңызы жаңырып жатпасын. Кирдеп кеткен эски тонун силкип таштаган турмуш жаңы түшүнүктөрдүн үрөнүн сээп, жаткандыр. Жакшы ниет жарым ырыс, барга манчыркап, жокко мүнкүрөбөй жакшылыктан күдөр үзбөйлү. Абийир соту али алдыда. Андыктан сөз учугу абийир, анын маңызы тууралуу улансын.

Абийир бул оңой менен акыл-эстин бутасына илинбеген татаал түшүнүк. Ал жан дүйнөнүн өзүнүн өзүнө багытталган монологу же акыл менен болгон диалогу. Чөйрөнүн, коомчулуктун колдоосунда калган ички дүйнөдөгү карама-каршылыкты айкалыштырып ылайыктуу калып-нукка салып, табигый-жапайы сезимди акылдын алкагынан чыгарбай турган улуу күч. Адамды адам кылып турган да абийир. Албетте, адамдын пенделиги бар. Акылдын алкагынан чыгып, сезимге алдырган учурлар болбой койбойт. Бирок мындай курч учурлардын «ысыгы суугандан» соң сезимге бийлеткен жан-дүйнө абийирдин жалындуу отуна кабылат. Абийир адамдын рух жаатындагы акылы менен сезимдин түбөлүк күрөшүнүн күзгүсү. Андан калса алмустактан адамдын табиятына мүнөздүү акыл менен сезимдин мазмуну өзгөрсө да күрөшү чексиз. Кечээ эле айныгыс чындык сымал өкүм сүргөн ой бүтүмдөр бүгүн минтип түбүнөн омкорулду. Алардын ордун бирибизге жагып, бирибизге жакпаган жоболор басып келет. Муну абийирдин мазмундук диапазонунун турмуш шартына жараша объективдеши катары түшүнөлү. Абийирдин бийиктиги – инсандын улуулугу. Анын моралдык автономияга ээ болушу. Абийирге шек келтирүү бул өзүн-өзүнө каршы коюуга, өзүнө-өзү кыянатчылык, чыккынчылык кылууга тете. Ошондой эле өзүнө-өзү куштарланган, суктангандын оңой менен абийири ойгонбойт. Абийир - чексиз, анын кудурети адамдын жеке керт башы, үй-бүлөсү менен эле чектелбейт. Абийирдин **мокошу** нарк-насилдин жакырданышына, жукарышына алып келет. Арийне сезимтал адамдын абийири илбереңки келет: ал айрыкча колдоого, түшүнүүгө муктаж. Мындай адамга абайлаган аяр, астейдил

мамиле зарыл. Ушундан улам өзүнүн, абийирин кордобоо, тескерисинче аны күтө билүү - демократиянын түп талабы. Өз абийиринин алдында жооп берүү, өзгөлөрдүн күнөөсүн аңдоодон да алда-канча татаал. Абийир жан-дүйнөнүн өзү аркылуу тазарышы, арууланышы. Кептин ыңгайына жараша Фрейдге кайрыла кетсек. Адам психикасы үч аймактан турат: «Ал», «Мен», «Жогорку – Мен». Биринчи аймак туңгуюктагы бейаң (бессознательное) кубулушу; экинчиси – сырт дүйнө менен бейаңдын ортосундагы аң-сезим дүйнөсү; үчүнчүсү, «Жогорку – Мен» абийир кай бир деңгээлде моралдык цензуранын милдетин аткарат. Ошентип пенденин каалоо-мүдөөсүн канагаттандырууга, ырахаттанууга болгон умтулуусу менен чындыктын, аң-сезимдин айкалышуусун “Абийир” камсыз кылат. Бири-бирине карама-каршы сүйүү менен жек көрүүнүн, таш-боорлук менен менен боорукерликтин, назиктик менен оройлуктун жакшы менен жамандын, ак менен каранын алкагы да абийирдин мүмкүнчүлүгүнө жараша. Ошону менен бирге бейаңга негизделген жапайы сезимдин (инстинкттин) Абийирге болгон таасирин танууга болбойт. Бирок жапайы сезимдин убактылуу жеңиши түбөлүктүү абийир сотунан кутула албайт. Өз күнөөсүн өзгөлөрдөн көрүп, өзүнөн башканын баарын абийирсиз эсептегендер бар. Актануунун жеңил – жеңсиз жолун учурга, заманга шылтай салуу, абийирсиздик өзүнө өзү доо кетирет. Бирок, зили кара өзгөйлүктүн абийирди жеңүүгө кудурети жетпейт. Албетте, ар кимдин абийири ар кандай: жалган абийир, псевдоабийир же абийирсиздик бийик моралдык кодекске коошпойт. Кошундусу жок таза, абсолюттуу идеал абийир да болбойт. Ошентсе да жалпы нарк-насилдин алкагында таза абийир күткөн инсандар жок эмес.

Ошентип, акыл-эс табияттын даяр белеги эмес, ал адам баласынын узак тарыхый өнүгүшүнүн үзүрү, натыйжасы. Ар бир пенде жаратканда тулку-бойго, мээ-түзүлүшкө ээ, булар акыл-эстин, ойломдун табигый негиздери (органдары). Бирок, табийгый мүмкүнчүлүк жөндөмдүүлүккө айланышы үчүн белгилүү бир шарттын болушу зарыл. Адатта, акыл-эс, ойломдун өнүгүшүнө түздөн-түз таасир берген ал шарт ыңгайлуу же ыңгайсыз болушу мүмкүн [3, 175 б.]. Айрым психологиялык жана педагогикалык эксперименттер айгинелегендей мүмкүнчүлүк-дарамети бирдей эки индивиддин эки башка шартта эки башка жөндөмдүүлүккө ээ болушу ушундай жагдай менен түшүндүрүлөт [12, 204 б.]. Ушундан улам бардык эле учурда бардыгын туубаса тукумкуучулук (ген) менен байланыштыра берүү калпыстык. Негизинен бардык балдар бирдей мүмкүнчүлүккө ээ, буга улам кийинки муундар мурда кылымдар бою калыптана турган жөндөмдүүлүктөрдү кыска мезгилде, тез «ойноп эле» өздөштүрүүсү күбө. Аткени, алар бабалары басып өткөн жолду, алардын жаңылыштык-калпыстыктарын кайталабайт.

Ушундан улам, ар бир адамдын акыл-эсинин акырындык менен калыптанышы кылымдарды камтыган бүтүндөй адамзаттын рухий тарыхынын күзгүсү. Курсактагы баланын тогуз айда бир клеткалуу организмден ымыркайга айланышы-бүтүндөй органикалык эволюциянын микромоделин туюндуруп турат.

Демек, педагогикалык процесс менен биологиялык торолууну туура айкалыштыруу-ойлом маданиятын калыптандыруунун түпкү булактарынан. Ошондуктан, татаалдан жөнөкөйгө эмес, жөнөкөйдөн татаалга өтүү принцибине багыт алганда гана тарбия, билим берүүнүн сиңиримдүүлүгү артып пайдубалы бекем болот [5, 248 б.].

«Рухий ашказан» сиңире албай турган далили жок даяр чындыкты: түшүнүм, түшүнүк, жоболорду зордук менен таңуулоо аны «гастритке» айландырат. Мындай учурда түшүнүү, ишенүү, билүү эмес «жаттоо» адаты пайда болот. Эмне себептен, кандайча, кантип тигил же бул, тигиндей же мындай болду деген суроонун «ички логикасын», жандырмагын билбей туруп, өздөштүрүлгөн түшүнүк-түшүнүм (билим)-мажес билим. Мындай мажестиктен арылуунун жолу -«онтогенездик эпистемада» же билимдин предметтик маанисин ачып берүүдө.

Башкача айтканда тигил же бул түшүнүм (билим) кандай жөндөмдүүлүктүн натыйжасында пайда болсо, дал ошондой жөндөмдүүлүктү (бейдалил түшүнүм, билимди эле эмес) калыптандыруу зарыл. Бейдалил билим алгандар, билгендерин сырт чөйрө менен айкалыштыра албайт, тескерисинче сырт чөйрөнү өз билгендеринин жыйындысы иретинде пайдаланат, натыйжада мындайлар эгерде мугалим болсо «өзүнө окшогон» окуучуларды же, илимпоз болсо «өзүнө окшогон» окутуучуларды тарбиялайт. Алар чыныгы турмушка өздөрүнүн эмес, өзгөлөрдүн «көзү» менен карап калышат [11, 224 б.]. Үстүрт түшүнүк, догма ушундай жол менен пайда болот. Математиканы билбеген, бирок ал жөнүндөгү адабияттарды, пикирлерди билген педанттык (Маркс) ушундай жол менен жаралат.

Натыйжада карама-каршылыктын чыйралып жандандырылышын түшүнүп, түшүндүрө албаган «эклектиктер» чыга келет. Мындай «эклектизмдин» маңызы- жооптун суроого эмес, суроонун жоопко ыңгайланыштырылгандыгында, б.а. «даяр» жоопторду (формулаларды, эрежелерди, мыйзамдарды) билип, бирок алардын жаралышын шарттаган суроолорду (проблемаларды, карама-каршылыктарды) түшүнбөгөн педанттык. Жоопторлун табиятына түшүнбөгөндөр, алардын диалектикасын кантип билип-туят, алар күндүз, чак түштө түз жолдо мүдүрүлүшөт. Бүгүнкү жооп, эртеңки суроо, буга классикалык жана классикалык эмес илимдин кайчылашы, Ньютон менен Эйнштейн жана Дарвин, Энгельс менен Пригожин күбө.

Демек, ойлом маданиятын калыптандырыш үчүн догматика, эклектиканы эмес, диалектиканы өздөштүрүүбүз зарыл. Аалам түзүлүшүнүн көп кырдуулугу жана ар түрдүүлүгү, алардын кыйма-чийме өз ара байланыштары, карама-каршылыктар дүйнөсү чексиз өнүгүүнү шарттайт. Улам илгери умтулуп, билимибиз өрчүп, анын масштабы кеңейген сайын, билгенибизден билбегенибиз көбөйө берет [7, 88 б.].

Интеграция жана дезинтеграция, глобализация жана локализация үзөнгүлөш, тизгиндеш өзүнүн гана пикирин туура деп, өзгөлөрдүкүн тангандык-балалыкка мүнөздүү «эгоцентризмдин» көрүнүшү. Белгилей кетүүчү нерсе балалык «эгоцентризмден» арылыш үчүн чоңдордун аракети эмес, курбалдаш тең балдардын талаш-тартышын жараткан педагогикалык шартты түзүү абзел. Бала кезинен мындай шартта тарбияланып, өзгө пикирди да урматтап же анын да туура жактарын баамдай алганда гана сынчыл ой жүгүртүү, ойлом маданиятынын кыймылдаткыч күчү пайда болот.

Сынчыл ой жүгүртүү башкалардын пикирлеринин курмандыгы болуудан куткарат. Шектенүү-тааным башаты же талаштан тактык жаралат деген ойчулдардын учкул сөздөрү ушундан улам жаралган. Айтор, экиге экини кошсо канча болот деген суроого «төрт» деп жооп берип, аны аксиома катары эсептегендерден мыкты математиктер чыкпаса керек (мыкты эсепчилер чыгышы мүмкүн). Эки тамчы сууну канчалык кошсоң да «төрт» пайда болбойт. Ойлом маданиятын калыптандырыш үчүн муну туура түшүнүү абдан олуттуу.

Жогоруда учкай белгиленген билим менен тыгыз байланышкан түшүнүктөрдөн улам, балким улуу ойчулдадын терең маанилүү ойлоруна экскур жасоо максатка ылайыктуу болоор.

**Демокрит**

Өз кемчилигин унуткандык уятсыздыкты жаратат.

**Сократ**

... өлумдөн кутулуу анчалык кыйын эмес, ал эми жаманаттыдан кутулуу өтө эле кыйын: ал өлумдөн катуу.

**Сенека**

... Мен кимдир бирөөнүн эмес, эң алды менен жеке өзүмдүн өз күнөөм менен таза абийиримди бийик тутууга жана жакшылык кылууга умтулуп келдим.

.Мен өзүмө жогорку деңгээлге жетүүнү максат койбойм, тек гана жаман адамдардан өйдөрөөк болууну каалайм. Мен күн сайын кай-бир кемчиликтеримен арылганыма канагаттанам жана өзүмдүн жаңылыштыктарым үчүн өзүмдү айыптайм.

**Цицерон**

Мен үчүн менин абийирим бардыгынын сөзүнөн артык турат.

... эгерим, эч кандай жараткандын акыл-эсине таянбай таразалоого жөндөмдүү адам абийири болбосо бардыгы жок болмок.

**Юфенал**

Күнөкөр учун биринчи жаза - анын өз абийиринин алдында актана албагандыгында.

**Ларошфуко**

Жан-дүйнөнүн кемчиликтери тулку бойдун жаратына окшош: кан-дай гана аракеттенип дарылабасын алардын орду (тагы) калат жана кайсыл убакта гана болбосун алар кайрадан ачылышы мумкун.

Берилген кеңешти колдоно билүү учун өзүнө-өзү жакшы кеңеш берүүдөн кем эмес акыл талап кылынат.

Бир адамдын жүрөгүнөн тунөк алган карама-каршы сезимдерди ойлоп табууга эч кандай кыялдын кудурети жеткен эмес.

Өзүнүн жаңылыштыктарын моюнга алууга эрки жеткен гана то- пук кыла алат.

**Паскаль**

Татыктуу ой жүгүртүүгө аракеттенели: мында - нарк-насилдин не-гизи ой аркылуу Ааламды камтып турат.

Адам периште да, айбан да эмес, анын бактысыздыгы канчалык периштедей болууга ыктаган сайын ошончолук айбанга айланганды- гында.

Качан бардыгы нарк-насилдин жолу менен баратканда, эч ким аны көрбөйт. Качан гана кимдир бирөө токтоп кыймылсыз абалга келген- де, башкалардын жүгүргөнүн байкайбыз.

Адам улуулугунун улуктугу өзүнүн пастыгын аңдай алгандыгын-да. Ошентип, адам өзүнүн пастыгын сезет, түшүнөт, ошонусу менен ал улуу.

Адамдын жан-дүйнөсү тууралуу биздин түшүнүгүбүз өтө бийик, ушундан улам биз башка бирөөнүн жан-дүйнөсүндө бизди жек көргөн сезимдин болушун көтөрө албайбыз.

Эгерде адам өзүн мактаса - жаман көрөм, жамандаса - мактайм жана ал өзүнүн кандай таанып билүүгө болбой турган укмуш экенди- гин билмейинче ага каршы боло берем.

Адам өзүн эмнеге арзый турганын билсин да. Ал өзүн сүйсүн, ант-кени ал жакшылыкка жөндөмдүү, бирок анын табиятынан орун алган төмөндүгүнө боорукердик болбосун.

Калптын айыбын ачар адам, анын абийирин тазалайт.

**Лабрюйер**

Тажрыйба бизге таасындап турат: өзүнө-өзү ээ болбой жана өзүн аягындык менен өзгөлөрдү боорго тебүү - бир эле кунөөнүн эки та- рабы.

Жан-дуйнөнүн жакырдыгынан эмес, жалкоолуктан улам да башка-лардын бизди башкаруусуна мүмкүндүк беребиз.

Эл менен жакындашууга жана аларга жагууга акыл гана эмес журөк жардам берет.

Өз күнөөсүн моюнга алуу кыйын, биз аны жашырууга жана башка бирөөгө оодарууга аракеттенебиз: ушундан улам биз рухий насаатчы-дан көрө сыйынууну артык көрөбүз.

Башка бактысыздыктардын алдында бактылуу болуу уят.

Өз күнөөсүн сезе билип, ал учун өзүн айыптаган адам гана чыны- гы бактылуу.

Биз өтө аз сүйлөдүм деп сейрек өкүнөбүз, бирок өтө көп сүйлөп койдум деп көбүрөөк санаа чегебиз: бардыгы билип тарпы чыккан бирок эч ким колдонбогон чындык.

Эгерде адам өзү учун кызарганды билгенде жабылуу бойдон калган, ал тургай ачык жана бардыгына белгилүү кылмыштардын канча- сы болбой калат эле.

**Локк**

Диний ишенимдин эркиндиги ар бир адамдын табигый укугу.

**Лихтенберг**

Артыкча жан-дүйнөнүн бейкапарлыгынан, өз пикиринин таптакыр жоктугунан башка эч ким бир нерсеге өбөлгө боло албайт.

Мен эмне учун замандаштардан эмес, келечек муундун алдында көбүрөөк уялышыбыз керек экендигин түшүнбөйм.

**Вольтер**

Адатка айланган кылыктар учун адамдар эч качан уялбайт (абийир алдында кызарбайт).

**Дидро**

Абийирсиз болуу б.а. кемчиликтин жаман экендигин сезбөө терең бактысыздык болуп эсептелет, бирок абийирге ээ болуп ага каршы кунөө кылуу өзүнүн көзү тирүү кезинде эле өкүнүүгө жана тынымсыз кабатырланууга кирептер кылат.

**Ламетри**

Ким элди кыйнаса, ал өзүн кыйнайт.

**Гельвеций**

Киши өлтүргүчтү куралсыздандыруу учун абийирдин ойгонушу жетиштуу болот. Мындай заардуу ... жана андан кийинки азап чегүү жөнүндө ойлонбой турган желмогуз, жүрөктүү адам жок. Мунун ук-муштуудай коркунучтуу экендигин жашыруунун жападан-жалгыз жолу кылмыш жөнүндөгү ой боло турган азап чегүү ме- нен гана ассоциаяланбай, өзүнүн айбанчылыгы учун сыйга бөлөнүп, ырахаттануу жөнүндөгү ойду жараткан анын фанатизмин өркүндөтүү керек.

**Кант**

Моралдык мыйзам ыйык (бузула тургандай эмес). Адам, чынды- гында, анча ыйык эмес, бирок адамзат ыйык болушу керек.

Уятсыздык абийирдин жоктугу эмес, тек гана ал жөнүндө ойло- нууга көңүл бурбоо.

Адамдагы ички сотту аңдай билуу- бул абийир.

**Гегель**

Мындай деп айтса болот: абийир - бул жакшы жолду жарык кы- луучу шам чырак, бирок ал качан жаман жолго бурулганда аны сын- дырып салышат.

Өзүнө каршы өзүн аңдый турган таза эмес абийир чыныгы тур- мушка коошпогон жолду тутат жана мындай идеал адамдын өзүндө.

**Фейербах.**

Чыныгы жазуучулар - бул адамзат абийири .

Абийир башкача сыяктанган нерселерди дааналайт, ал биздин мокой тушкөн сезимибизге туюлгандай жана даана байкалгандай кылып аларды чоңойтуучу микроскоп. Ал журөк метафизикасы.

Эгерде сен таза абийиринди жоготпосоң, эгерде сен абийирдин дооматтарын оорулуу, чыңалган жан-дүйнөнүн көбүрүп-жабырылган куулук-шумдуктары катары карасаң, кайран гана адамзат.

**Гумбольдт**

Адам канчалык эркин болсо, ал ошончолук өз алдынча жана баш- каларга үлгү.

Рухтун туңгуюктан табити болбосо билим ... өлүмтүк жана мөмөсүз, ал эми нарк-насилдик эрктин кең пейилдиги жана кубаты орой жана жашоо тартуулаган жылуулуктун куралы.

**К. Маркс.**

Айбан болгуң келсе, анда албетте, адамзаттын азап-муңуна артыңды сал жана өзүң жөнүндө гана кам көр.

**Л.Н. Толстой**

Сенин абийириңди жактырбагандардын бардыгынан сактан.

Адамзат үчүн эң башкы эле эмес жападан жалгыз иш - нарк- насилдин мыйзамын тушунө билүү.

**В.А. Сухомлинский**

Каалоо-мүдөөлөрдү башкара билүү - бул эң жөнөкөй көрүнгөн бирок өтө эле татаал адамдын адаты - адамкерчиликтин, ийкемдүүлүктүн, ак пейилдиктин, ички өздүк тартиптин булагы, ансыз чыныгы адам жок.

**Махатма Ганди**

Адам жакшы же жаман журуш-турушу менен да ар дайым сыйлоо- го же жектөөгө ар-зыйт.

**Гете**

Журуш-туруш - ары-бери өзүн көрсөтө турган күзгү.

**Гегель**

Нарк-насил - бул эркиндиктеги баш ийүү.

**Ж. Баласагын**

Адам өлөт бирок аны жакшы аты өчүрбөйт.

Балдар жөнүндө кам көрүү-түпсүз деңиз. Сенин атың түбөлүктүү, эгер сенин атың түбөлүктүү болсо анда сен да түбөлүктүүсүң.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Абдуразаков И. Мекен, Манас жана малекеттүүлүк // Ак Башат. Мекенди сүйүү-ыймандан. – №5(34). – 2011.

2. Абдыкеримова А. Сөздүн поэтикасынын айрым маселелери (лингвистикалык аспект). – Каракол: ЫМУ, 2003.

3. Авдеев В. И. Становление культуры мышления ккак проблема. – Воронеж: Изд-во Воронеж. Университета, 1998. – 175 с.

4. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабак жана аны даярдап өкөрүүнүн технологиясы. – Бишкек, 2011.

5. Гегель. Наука логики (в 3-х т.) Т. 2. – М.: Мысль, 1971. – 542 с.

6. Готт В.С., Землянский Ф.В., Диалектика развития понятийной формы мышления. – М.: Высш. Школа 1981. – 320 с.

7. Мусаев С.Ж. Кеп маданияты жана норма. – Бишкек., 1999.

8. Гусейнов А.А Этика // А.А. Гусейнов, Р.Г. Апресян. – М.: Гардарики, 2017. – 480 с.

9. Зеленкова И.Л. Этика. / И.Л. Зеленкова. – М.: Тетрасистемс, 2018. – 352 с.

10. Крившенко Л. П Педагогика: Учебники и практикум для академического бакалавриата / Л.П. Крившенко, Л.В. Юркина. – Люберцы: Юрайт, 2015. – 364 с.

11. Основы этических знаний / Под редакцией М. Росенко. –М.: Лань, 2017. – 224 с.

12. Кравченко, А.И. Психология и педагогика: Учебник / А.И. Кравченко. – М.: Инфра-М, 2017. – 204 с.

**Рецензент: физ.-мат. илим. канд., доц. Эгембердиев Ш.**